Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз
мамлекеттик университетинин Сапат курамы
боюнча түзүлгөн
комиссиясынын жыйынынын № 1
11.12.2025-ж. отурумунун

ПРОТОКОЛУ

И.Арабаев атындагы КМУнун жалпы билим берүү сапатынын ишмердүүлүгүн өнүктүрүү жана сапат түзүмүнүн менеджментин натыйжалуу жүргүзүү максатында университеттин Сапат курамы боюнча түзүлгөн (2025-жылдын 11-ноябырындагы №01-8/656 буйрук) комиссиянын мүчөлөрү:

**Катышкандар:**

Догдурбек Н. -комиссиясынын төрагасы;

Исаев Б.М.- төраганын орун басары;

Амантур уулу Э, - Окуу башкармалыгынын начальниги;

Давлетярова Н.А.- Илимий китепкананын директору;

Рысмендеева Н.К.- Илим жана инновациялар департаментинин начальниги;

Дуйшебаева Г.Р.-ББПЛАжСМЖДнин начальниги;

Кыдыкбаева К.С.- ББПЛАжСМЖДнин башкы адиси;

Эсенбаева З.Д.-Медиа-борборудун башчысы;

Садыкова Н.Ж.- Адам ресурстары башкармалыгынын начальниги;

Баястанов Н.М.- Карьера борборунун башчысы;

Исманова С.Г.-АРБнын (СКБ) башкы адиси;

Мокешов Ж.К. - МТБнын башчысы;

Каныбекова А.К.- МТМИнин Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын башчысы;

Албанбаева Дж.О.-ЭМИнин директорунун орун басары;

Шаршенова Д.С.-М.Р.Рахимова атындагы ККББИнин табигый-матпматикалык билимдер кафедрасынын доц.м.а.;

Бакенов Ж.Б.- ТИИнин Химия жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын доценти;

Бекбоева А.К.- ТСУББИнин жалпы тарых жана эл аралык Мамилелер кафедрасынын башчысы;

Узакова М. К.- ППИнин табигый-математикальпс билимдер жана аны башталгыч мектепте окутуунун технологиясы кафедрасынын башчысы;

Абдыгазиева Н.К., - ОФФнын орус тилин жана адабиятын окутуунун теориясы жана методикасын кафедрасынын доценти;

Сагыналиева Н.К.- ФМФнын математика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын доценти;

Ачакеев К.С.- ЖМТИнин директорунун орун басары;

Мажитова Л.Т. -ИДИнин көркөм өнөр жана дизайн кафедрасынын башчысы;

Абдраимова Р.Ж.- Япон таануу институтунун директорунун орун басары;

Тултуков Б.Т.-Педагогикалык колледждин доценти;

Сакибаева Н.А. -Дене тарбия жана спорт институтунун директорунун орун басары;

Калыкова Т.К. -Дин таануу институтунун директорунун орун басары;

Кытыкенова А.Т. -Кыргыз-Кытай факультетинин ага-окутуучусу;

Зарылбек уулу Анарбек - №60 орто мектептин директорунун окуу иштери боюнча орун басары (жумуш берүүчү);

Жолдошева А.Ж. -№ 84 орто мектебинин тарых мугалими (жумуш берүүчү);

Толоев М.Ж.- Бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын төрагасы;

Теребаев А.У.- Студенттик парламенттин президенти.

*Күн тартибиндеги маселе:*

I. Билим берүү программаларынын сапаты жана окуу - усулдук ишмердүүлүктү уюштуруу бөлүмү тарабынан иштелип чыккан жоболор менен тааныштыруу

*II.* Аккредиттациялоонун талабына ылайык Сапат курамынын иштөө тартиби жана программалар боюнча курамдар аралык жүргүзүлгөн иш чаралар:

*Угулду:*

**Катышкандар жана кворум**

Комиссиянын жыйынына 31 мүчөнүн 31и катышты

Жыйынды жүргүзүүчү: Догдурбек Н. (Комиссиянын төрөгасы)

Катчы: Кыдыкбаева К.С.

**Догдурбек Н. — Комиссиянын төрөгасы**

Жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн программалары боюнча профессордук-окутуучулар курамынын сапаттык көрсөткүчүн аккредитациялоонун минималдуу талабына ылайыкташтыруу маселеси борборлук масела катары белгиленди.

Комиссиянын төрөгасы, учурда университеттин бир катар факультеттеринде ПОК курамынын айрым сапаттык параметрлери аккредитациянын стандарттарынан жетишерлик деңгээлде четтеп кеткендигин белгилеп, аны жакын арада ондоо зарылдыгын баса айтты.

Жогорку илимий даражасы бар окутуучулардын пайызы, практикалык тажрыйбасы бар адистердин катышуусу, чет өлкөлүк адистер менен кызматташтык — бул жана башка параметрлер боюнча конкреттүү иш-аракеттер талап кылынат.

Мындан тышкары, Догдурбек Н. университеттин ички сапат кепилдигинин системасын (ИСК) жаңы стандарттарга ылайык жаңылоону жана ПОК курамынын ар дайым мониторингин жүргүзүүнүн тетигин иштеп чыгуу жагын сунуш кылды. Комиссиянын иши мезгилдүү болуп, семестр ичинде keминде экиден кем болбосо деп пландалды.

**Исаев Б.М. — Комиссиянын орун басары**

Билим берүү сапатынын ишмердүүлүгүн өнүктүрүү жана сапат түзүмүнүн менеджментин натыйжалуу жүргүзүү максатында иштелип чыккан жоболордун негизинде иш чараларды уюштурууну, билим берүүнүн сапатына кепилдик берүү максатында сурамжылоо иштерин тыгыз жүргүзүүнү, башкача айтканда, пландалган иштердин аткарылышы жана анын жыйынтыгы боюнча иш алып барууну сунуш кылды.

Исаев Б.М. ошондой эле билим берүү программалары боюнча ар бир факультеттен жооптуу координатор дайындоо маселесин жана аларга комиссия алдында отчет берүү тартибин белгилөөнү сунуш кылды. Бул чара маалыматтардын убагында жыйналышын жана иш-аракеттердин шайкеш болушун камсыздайт деп белгиледи.

Орун басарынын пикири боюнча, аккредитациялоо процессин программалык деңгээлде башкаруу үчүн атайын электрондук платформаны же жасалма интеллект куралдарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн изилдөө максатка ылайыктуу болмок. Ошону менен бирге, окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу программасы боюнча илим-изилдөө институттары менен байланышты күчөтүү зарылдыгы баса белгиленди.

**Дуйшебаева Г.Р. — ББПЛАжСМЖД бөлүмүнүн начальниги**

Иштелип чыккан жоболордун негизинде ар бир программа боюнча кылдат иштеп чыгуу керек экендигин белгилеп, сурамжылоонун жыйынтыктарын тез аранын ичинде университеттин сайтына киргизүү зарылдыгын айтты. Айрыкча, студенттердин канааттануусун өлчөгөн жылдык сурамжылоолордун жыйынтыктары дароо ачык болушун белгиледи.

Дуйшебаева Г.Р. сунушу боюнча, ар бир программаны аккредитациялоо чөйрөсүндөгү документтерди стандартташтырылган шаблондорго өткөрүп, аларды жарты жылда бир жаңылоо тартибин киргизүү максатка ылайыктуу. Бул, өзгөчө, өзүн-өзү баалоо отчетторун даярдоодо убактыны жана аракетти үнөмдөйт деп кошумчалады.

Бөлүмдүн начальниги, сайттагы маалыматтардын актуалдуулугу жөнүндө айрым программаларда кемчиликтер бар экендигин конкреттүү мисалдар менен далилдеп, аларды 2025-жылдын 31-декабрына чейин ондоо зарылдыгын белгиледи.

**4.2. Экинчи маселе боюнча**

**Амантур уулу Э. — ОБнын начальниги**

Аккредитациялоонун минималдуу талабынын негизинде ар бир программа боюнча университеттин сайтынын иш аракетин күчөтүү зарылдыгын жеткирди. Сайтта программалар боюнча берилген маалыматтардын аккредитациялоо органдарынын талаптарына канчалык жооп берерин текшерүү үчүн атайын аудит жүргүзүү сунушу бар деп кабарлады.

ОБнын начальниги, сайттагы маалыматтарды жаңылоо ишин автоматташтыруу жана ар бир факультеттин жооптуу шилтемелерин бирдиктүү чыгаруу маселесин өзүнүн бөлүмү менен биргеликте чечүүгө даяр экендигин билдирди.

Амантур уулу Э. ошондой эле санариптик контент публикациясынын ыраттуулугун камсыздоо жана каталарды азайтуу үчүн редакциялык саясатты жаңылоону сунуш кылды.

**Кыдыкбаева К.С. — ББПЛАжСМЖДнин башкы адиси**

Аккредитациялоонун минималдуу талабына ылайык программалардын профессордук-окутуучулар курамынын айрым багыттар боюнча сапаттык көрсөткүчүн жогорулатуу максатында күчөтүү иштерин жүргүзүү керек экендигин билдирди. Айрыкча, техникалык жана табигый-илимий багыттагы программаларда докторлук жана кандидаттык даражасы бар окутуучулардын жетишсиздиги байкалып жатат деп белгиледи.

Кыдыкбаева К.С. бул кемчиликти жоюу үчүн сырттан адистерди тартуу, ПОК менен контракт түзүү жана узак мөөнөттүү окутуучуларды кайра даярдоо программаларын колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө зарылдыгын белгиледи. Ошону менен бирге, жаш окутуучуларды илимий жетекчилик алдында диссертация жазуусуна тартуу — бул узак мөөнөттүү стратегиялык инвестиция деп баалады.

Башкы адис ошондой эле ар бир программа боюнча ПОК талаптарынын матрицасын жаңылоону жана ага жылдык мониторинг жүргүзүүнү сунуш кылды. Бул документ аккредитациялоо органдарына сунушталуучу негизги далилдөөчү материалдардын бири боло алат деп белгиледи.

**Бекбоева А.К. — ТСУББИнин жалпы тарых жана эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы**

Сурамжылоонун жыйынтыгын чыгаруу менен жогорку көрсөткүчкө ээ болгон пункттар боюнча атайын колдоо иштерин жасоо менен, төмөнкү көрсөткүчтөгү пункттар боюнча күчөтүү иштери жүргүзүлүп жатканын кабарлады.

Бекбоева А.К. ошондой эле чет өлкөлүк конок лектор тартуу маселесинде эл аралык кызматташтык бөлүмү менен кызматташуу пикирин билдирди.

**Шаршенова Д.С. — М.Р.Рахимова атындагы ККББИнин доц.м.а.**

Кезектеги аккредитациялоого багыт алган "Колдонмо информатика" (магистр) жана "Программдык инженерия" (бакалавр) программалары боюнча минималдуу талапка ылайык билим берүүнүн сапатына кепилдик берүү иш чаралары боюнча кыйла иштер жүргүзүлүп жатканын баяндады.

Шаршенова Д.С. конкреттүү маалымат катары, "Колдонмо информатика" программасында IT тармагындагы тажрыйбасы бар практик адистерди тартуу боюнча иш улантыларын кабарлады.

Программалар боюнча жергиликтүү IT компаниялары менен меморандум түзүп, алардан тажрыйбалуу адистерди семестр ичинде окутуучу же лектор катары тартуу иши 2026-жылга пландалып жатат деп белгиледи. Мындан тышкары, студенттердин өндүрүштүк практикасын цифралык технологиялар секторунда жайгаштыруу боюнча келишимдер иштелип жатат.

Шаршенова Д.С. ошондой эле ЖОЖ аралык тажрыйма алмашуу программалары аркылуу кафедранын окутуучулары үчүн квалификация жогорулатуу курстарын уюштуруу маселесин сунуш катары кошумчалады. Бул ишти МИМ (Министерство информации и медиа) менен биргеликте жүргүзүүгө болоорун белгиледи.

**Баястанов Н.М. — Карьера борбордун башчысы**

Бүгүнкү күндүн курч талабы болгон практика менен теорияны тыгыз айкалыштыруу маселесин күчөтүү зарылдыгын сунуш катары айтты. Карьера борборунун маалыматтары боюнча, 2025-жылы бүтүрүүчүлөрдүн 70%и адистигине ылайык жумушка орношкон, бирок бул санды 85%ке чейин жеткирүү максаты коюлгандыгын билдирди.

Баястанов Н.М. жумуш берүүчүлөрдү окуу процессине активдүү тартуу жолдорун: практикалык семинарлар, талкуулар жана менторлук программалар аркылуу студенттердин практикалык компетенцияларын арттырса болорун баяндады. Буга кошумча, ар бир программа боюнча жумуш берүүчүлөр менен кеңешмелер жыл сайын уюштурулушу керек деп белгиледи.

Борбордун башчысы ошондой эле карьера жетектөөнүн электрондук платформасын өнүктүрүү жана аны аккредитациялоонун маалымат базасына интеграциялоону сунуш

кылды. Бул чара студенттердин жумушка орношуу статистикасын жылдам жана ырааттуу чогулта алат.

**ЖАЛПЫ ТАЛКУУ ЖАНА ПИКИР АЛМАШУУ**

Баяндамалар угулгандан кийин жыйынга катышкандар ортосунда жалпы талкуу болду. Комиссия мүчөлөрү төмөнкү маселелер боюнча пикирлерин билдирди:

**Сапат менеджменти системасын күчөтүү**

Комиссиянын бир нече мүчөсү университеттин ички сапат кепилдигинин системасын (ИСК) заманбап мамлекеттик жана эл аралык стандарттарга ылайык жаңылоо зарылдыгын баса белгиледи.

Талкуунун жүрүшүндө аккредитациялоого даярдыктын биргелешкен баасы берилди. Программалардын жалпы аккредитациялоого даярдыгы орто деңгээлде деп баалоо берилди. Айрым программалар (мисалы, "Колдонмо информатика", "Программдык инженерия") даярдыктын жакшы деңгээлинде экени белгиленди, ал эми башка программаларда кошумча иш талап кылынат.

Комиссиянын мүчөлөрү тажрыйба алмашуу максатында башка ЖОЖдор менен (БГУ, КУУ, АУЦА) кызматташуу иш-чараларын уюштурууну колдоо пикирин билдирди. Мындай тажрыйма алмашуулар аккредитациялоонун жакшы практикаларын үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Студенттердин пикирин эске алуу**

Жыйында студенттердин сапатка тиешелүү пикирин жыйноо тетигин күчөтүү маселеси да каралды. Жылдык сурамжылоолорго кошумча катары мобилдик приложение аркылуу үзгүлтүксүз пикир жыйноо системасын киргизүү сунушталды. Студенттердин сапат боюнча пикирлери комиссиянын кийинки отурумунда атайын пункт катары каралышы керек деп токтошулду.

**КОМИССИЯНЫН ЧЕЧИМИ**

Угулган баяндамалар жана болгон талкуунун жыйынтыгы боюнча комиссия төмөнкүдөй чечим кабыл алды:

**Профессордук-окутуучулар курамы боюнча**

**1.** Профессордук-окутуучулар курамынын сапаттык көрсөткүчүнүн үстүндө иштери күчөтүлсүн. Ар бир курам жетекчиси жана программа координаторлору 2026-жылдын 1-февралына чейин ПОК курамынын аккредитациялоо талаптарына ылайыктыгы боюнча чараларды аныктоосу зарыл.

2. Аккредитациялоонун минималдуу талабынан четтеп кеткен программалар боюнча жооптуу адистер 30 календардлык күн ичинде жоюу пландарын комиссияга тапшырышы тийиш.

3. Жаш окутуучуларды илимий изилдөөгө тартуу жана аспирантурага жиберүү маселеси каралсын.

**Аккредитациялоо документтери боюнча**

4. Өзүн-өзү аккредитациялоонун отчетундагы ар бир берилген шилтеме (ссылка) университеттин сайты менен дал келүү жагы кылдат каралсын. Бул иш 2025-жылдын 31-декабрына чейин аяктышы тийиш.

5. ОБнын начальниги Амантур уулу Э. сайттагы маалыматтарды жаңылоо боюнча атайын тобун 2026-жылдын 10-январына чейин уюштурсун.

6. Ар бир программа боюнча ПОК талаптарынын матрицасы жаңыланып, стандартка ылайык даярдалсын. Аткаруу мөөнөтү: 2026-жылдын 15-январы.

**Сурамжылоо жана мониторинг боюнча**

7. Сурамжылоонун жыйынтыгы чыгарылып, маалымат катары комиссия мүчөлөрүнө жана факультеттердин жетекчилерине жиберилсин. Жыйынтыктар университеттин ички порталына жарыяланышы тийиш.

8. Кийинки сурамжылоо 2026-жылдын январь-февраль айларында өткөрүлсүн. Сурамжылоонун анкеталары аккредитациялоонун учурдагы талаптарына ылайык жаңыртылсын.

9. Карьера борбору жумуш берүүчүлөр менен биргеликтеги жылдык кеңешмени 2026-жылдын март айына чейин уюштурсун.

10. Комиссиянын кезектеги жыйыны 2026-жылдын февраль айынын биринчи аптасында өткөрүлсүн. Катышкандар отурумга чейин 5 күн мурда күн тартиби менен таанышпырылсын.

11. Ар бир мүчө кийинки жыйынга чейин өзүнүн тармагы боюнча кыскача анализ-отчет даярдасын.

Комиссиянын ар бир мүчөсүнө ушул протоколдо белгиленген тапшырмаларды аткаруу тапшырылды. Тапшырмалардын аткарылышын Дуйшебаева Г.Р. (ББПЛАжСМЖДнин начальниги) координациялайт жана жыйынтыктарды кийинки отурумда докладдайт.

Кийинки жыйын үчүн алдын ала каралуучу маселелер:

- ПОК жоюу планынын аткарылышы боюнча маалымат;
- Сайттагы маалыматтарды жаңылоо иштеринин жыйынтыгы;
- Студенттер сурамжылоосунун аналитикалык жыйынтыктары;

– Аккредитациялоо үчүн документтердин даярдыгы боюнча мониторинг;
– Жумуш берүүчүлөр менен биргелешкен кеңешмени өткөрүүнүн планы.

*Протокол түзүлгөн датасы: 11 ноябрь 2025-жыл*

**Догдурбек Н.** ________________________________ Комиссиянын төрөгасы

**Исаев Б.М.** ________________________________ *Комиссиянын орун басары*

**Амантур уулу Э.** ________________________________ *Комиссия мүчөсү*

**Дуйшебаева Г.Р.** ________________________________ *Комиссия мүчөсү*

**Кыдыкбаева К.С.** ________________________________ *Комиссия мүчөсү*

**Каныбекова А.К.** ________________________________ *Комиссия мүчөсү*